**Диндердин өнүгүү тарыхы предметин окутуу курсу**

**Долбоордук сабактын иштелмеси**

**Мугалимдин аты-жөнү:Асанакунова Бегимай Нурланбековна**

**Мугалимдин кесиби:Тарых,адам жана коом сабагы**

**Мугалимдин иштеген жери:√32-жалпы билим берүү мектеби**

**Сабактын темасы: Кыргыз Республикасында мамлекет менен диндин өз ара кызматташуусу.**

**9-класс**

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр**:<br>***Жогорудагы максаттарга жетет, эгерде окуучулар төмөнкүлөрдү аткарса:*** |
|---|---|
| **Билим берүүчү:** Окуучулар КРнын мыйзамдарынын динге болгон көз карашы боюнча түшүнүк алышат. | ✓КРнын дин саясаты боюнча мыйзамдарын толук түшүнө алышса<br>✓Дин саясаты боюнча өз түшүнүктөрүн айтып беришсе. |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** Мамлекет менен диндин ортосундагы байланыштарын,багыттарын жана максаттарын такташат. | ✓ Мамлекет менен диндин максаттарын аныктап берүү менен мамлекеттин дагы,диний көз караштын дагы багыттары өнүгүүгө карай багытталганынын маанисин ачып бере алышса. |
| **Таалим-тарбия берүүчүлүк:** Алынган маалыматтардын негизинде окуучулар мамлекеттин дин саясатына аяр мамиле жасоого, мыйзамдарын сыйлоого үйрөнүшөт. | ✓КРнын мыйзамдарында мамлекет жарандардын кызыкчылыгын дин саясатында да бирдей сактала турганын айтып бере алышса. |

**Сабактын тиби:** Жаңы сабакты өздөштүрүү.

**Колдонулуучу усулдар:** Түшүндүрүп берүү, маектешүү, топто иштөө.

**Колдонулуучу баалоо усулдары**: Сабактын жүрүшүндө окуучулар активдүүлүгүнө жараша бааланат.

**Сабактын жабдылышы**: Окуу китеби, сүрөттөр, презентация.

**Сабакта калыптануучу негизги компетенттүүлүктөр:**

***Негизги компетенттүүлүктөр:***

*а) Маалыматтык :* Берилген маалыматты колдоно алат, өз позициясын эркин билдирет,айрым маалыматтарды салыштырат,анализ жүргүзөт

*б) Социалдык-коммуникативдик:*

Өз ойлорун башкалардыкы менен салыштырат, башкаларга карата урматтоо мамилеси менен өз позициясын коргой алат.

*в) Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чече билүү :*

Өз алдынча же топторго биригишип ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен маселени чечет жана мүнөздөмө берет.

## Сабактын жүрүшү

| Сабактын Этаптары | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Убактысы |
|---|---|---|---|
| **Уюштуруу** | 1. Саламдашуу<br>2. Журнал менен иштөө<br>3. Үйгө берилген тапшырманы эске салуу менен сабакка даярдык көрүүсүн айтат. | Саламдашышат.<br>Окуучулар окуу куралдарын даярдашат жана берилген тапшырма боюнча даярданышат. | **2 мин** |
| **Өтүлгөн теманы кайталоо.**<br>**Үй тапшырма** | Мугалим балдарга 3-чейректе өтүлгөн темаларды жалпылап кайталоо үчүн суроолорду берет.<br>Окуучулардын түшүнбөгөн суроолоруна багыт берет, окуучуларды баалайт жана тапшырманы жыйынтыктайт.<br>Жаңы темага өтөт. | Окуучулар берилген суроолорго өтүлгөн темаларды эске салуу менен жооп беришет. | **6 мин** |
| **Мээге чабуул**<br>**Окуучуларды мотивациялоо.** | Темага байланыштуу сүрөт илинет.<br>Мисалы:Ал түрдүү диний ишенимдеги адамдардын бир мамлекетте жашоосун көрсөткөн сүрөт.<br>Суроо: Бул сүрөт эмнени чагылдырууда.<br>Мугалим жоопторду угуп сүрөттүн маанисинен сабактын жаңы темасын ачат. | Окуучулар өз ойлорун айтышат. | **5мин** |
| **Сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжа.** | -Мугалим доскага жаңы теманы жазат.<br>-Тема боюнча мамлекет менен диндин өз ара кызматташуусунун тарыхынан маалымат берет.<br>- Дин боюнча жалпыга таандык мыйзамдарды туура түшүнүүгө үндөйт | Окуучулар теманы жазышат. | **3мин** |
| **Жаңы теманы түшүндүрүү менен** | Презентация көрсөтүлөт… | Окуучулар кунт коюу менен мугалимдин түшүндүрмөсүн угушат. | **8 мин** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **окуучулардын көндүмдөрүн калыптандыруу.** | Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамга дин тутуу эркиндигин кепилдейт, кандайдыр бир динди мамлекеттик же милдеттүү дин катары белгилөөгө тыюу салат, диндин жана бардык ырасымдардын мамлекеттен ажыратылгандыгын камсыздайт, диний бирикмелердин жана дин кызматкерлеринин мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салат.<br>КРсы эгемендүү болгондон кийин динге болгон кызыгуу артып, өлкөдө диний уюмдар көбөйүп, көп конфессиялуу коом түзүлгөн.<br>Кыргызстандагы мамлекеттик жана коомдук системанын демократияга өтүү процесси республикада диндердин табигый өнүгүүсүнө шарт түздү. Динге болгон көз караштар өзгөрүп, дин тутууну эркин тандоого, өз динин эркин таратууга мүмкүнчүлүктөр ачылды. Диний уюмдардын абройунун өсүшүнө жана коомчулуктун алдында ишенимдин, жоопкерчиликтин жогорулашына алып келди. Натыйжада динге ишенгендердин саны өстү, сыйынуучу жайлардын саны көбөйдү, жаңы диний уюмдар жана бирикмелер пайда болду.<br>Кыргызстанда мамлекет менен диний уюмдардын өз ара байланышынын өнүгүшүн мамлекеттик жөнгө салуу тенденциясын караганда алардын ишмердүүлүгү бир канча нормативдик укуктук базалар менен бекемделген.<br>1 — КРнын 1991-жылдын 16-декабрындагы «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Мыйзамынын кабыл алынышы. Дин тутуу эркиндиги биринчи жолу мыйзам түрүндө жарыяланып жана бекемделген.<br>2 — дин уюмдарына жана динге карата мамлекеттик саясаттын нормативдик укуктук базасынын түзүлүшү. 1993-жылдын 5-майында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы. | Өздөрү билген маалыматтар менен бөлүшүшөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 3 — КРнын Президентинин 1996-жылдын 14-ноябрындагы «Кыргыз Республикасынын жарандарынын абийир эркиндигинин жана дин тутуу эркиндигинин укуктарын ишке ашыруунун чаралары жөнүндө» Жарлыгынын кабыл алынышы.<br>4— диний кырдаалдын өзгөрүшү менен мамлекеттик-конфессиялык мамилени жаңы, сапаттуураак деңгээлге көтөрүүгө өтө зарылдык пайда болгондуктан, 2006-жылы биринчи жолу Кыргызстанда Диний уюмдар менен байланыш чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын концепциясы кабыл алынган.<br>5 — КРнын Президентинин 2014-жылдагы №-203 жарлыгы менен бекитилген 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы кабыл алынган.<br>Бул нормативдик укуктук базалар мамлекеттик бийлик органдарынын диний уюмдар менен мамилесин нормативдик, укуктук жөнгө салууну өркүндөтүүгө, жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарынын тең салмагын камсыздоого, адамдын дин тутуу жана ишенимин билдирүү укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына шарт түзүп келүүдө десек болот.<br>Бул мамлекеттик нормативдик, укуктук жөнгө салуу аракети диндердин ортосундагы диалогду бекемдөөгө, коомду абийирдик жана руханий жактан тарбиялоодо мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы өз ара байланыштарды өнүктүрүүгө, толеранттуулук жана диний сабырдуулукту калыптандырууга, диний экстремизмдин, фундаментализмдин көрүнүштөрүнө жана диний бузуку агымдарга каршы чараларды иштеп чыгууга жана бөгөт коюуга толук негиз болуп келүүдө. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 2014-2020-жылдарга КРнын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясында диний уюмдар социалдык, илимий, агартуу, маданий жана башка ишмердүүлүк жаатында өз алдынча да, ошондой эле башка диний уюмдар менен да бирдикте кызматташа алышат деп баса белгилеген. | | |
| **Сабакты бышыктоо.** | **Топто иштөө**<br>1.Мамлекет менен диний институттардын коомго тийгизген таасири боюнча талкуулашат.<br>2.КРнын мыйзамдарындагы айрым статьяларды талкуулашат. | Окуучулар топторго бөлүнүп берилген тапшырмаларга талкуу жүргүзүшөт. | **10мин.** |
| **Кайтарым байланыш** | Мугалим суроо берет<br>1.Бул тема силерге канчалык деңгээлде кызыктуу болду?<br>2. Тема боюнча мурда кандай көз караште элеңер жана азыркы көз карашынан жөнүндө айтып бергиле. | Окуучулар ооз эки жооп беришет. | **4 мин** |
| **Сабакты жыйынтыктоо. Баалоо** | Мугалим ар бир топтогу окуучулардын ой пикирлерин жыйынтыктап,өз көз карашын айтат.<br>Окуучулардын активдүүлүгүнө жараша баалайт. | Окуучулар мугалимди угушат. | **5мин** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Үй тапшырма.** | Суроолор берилет.<br>1. Мамлекет менен диндин өз ара кызматташуусунун максатын айтып бергиле.<br>2. КРнын дин жөнүндө мыйзамдарында кандай концепциялар кабыл алынган?<br>3. Диний уюмдар мамлекетке кандай пайда жана кандай зыян тийгизет алат деп ойлойсуңар?<br>*Кошумча маалыматтарды окуу китебинерден жана интернет булактарынан таап окуп келүү.* | Үйгө берилген тапшырманы жазышат. | **2мин** |